# САНЖАРБЕК ДАНИЯРОВДУН ФОНДУНУН СЫЙЛЫГЫНЫН БОЛЖОЛДУУ ПРОГРАММАСЫ

Фонддун Сыйлыгынын лауреатынын Россия Федерациясынын борбору Москва шаарына 10 күндүк маданий-маалымат арттыруучу саякаты төмөндөгүдөй:

- Кызыл Аянт, Манеж аянты, байыркы Москва көчөлөрүндө сейилдөө, Москва шаарынын архитектуралык кооз жерлерин кыдыруу;
- Кремль аянтын жана Кремлдеги музейлерди кыдыруу: чиркөөлөр ансамблдери, Курал-жарак палатасы, каалоого жараша - Алмаз Фонду.
- Пушкин атындагы көркөм өнөр музейин (батыш европалык искусство), анын ичинде, Башкы имараты жана импрессионисттер жана постимпрессионисттер Галереяларын, Третьяков галереясын (орус искусствосу), каалоого жараша башка галереяларды – Сүрөтчүлөрдүн борбордук үйүн, Гараж галереясын ж.б. кыдыруу.
- Дүйнөлүк алдыңкы театрлардын биринде балет спектаклин көрүү: Чоң театрга, К.С.Станиславскийдин музыкалык театрына жана В.И.Немирович-Данченконун театрына, Жаңы Операга, Геликон-операсына баруу;
- Концерттик аянттардын программасына жараша музыкалык концерттерди көрүү: Чайковский атындагы концерттик залында, Консерваториянын Чоң же Кичи залында, Москвадагы Музыка Үйүндө, Кремль сарайында ж.б.
- Бир же эки жолу драма театрларга баруу
- Ю.Никулин атындагы же башка циркке баруу
- Каалоого жараша куурчак театрлардын бирине (чоңдор үчүн) жана/же зоопаркка баруу
- Каалоого жараша джаз-клубга баруу
- Москванын же Москванын алдындагы парктардын биринде сейилдөө: Коломенское, Царицыно, Кусково, Измайлово, Архангельское ж.б.
- Байыркы жайлардын (усадьбалардын) бирине жана байыркы музейге баруу (Архангельское, Останкино, Поленово ж.б.),
- Новодевичий монастырына жана/же башкасына баруу (Андроников ж.б.)
- Москва ресторанында кечки тамактануу
- Москва дарыясында катерде сейилдөө
- Түнкү шаарды кыдыруу
- Москва метрополитендин кызыктуу станцияларын көрүү

Программанын акыркы варианты саякат алдында лауреат менен макулдашылат жана жогоруда тизмеленген кооз жайлардын иш күнүнө жана театр жана концерттик залдардын репертуарына жараша алымча-кошумчалар киргизилет.

Лауреат өзүнүн саякаты учурунда Москва шаарында ыңгайлуу шарттары бар турак жай, толук кандуу тамактануу менен камсыздалат жана бардык иш-чараларда аны коштоп жүргөн адамдар болот.

Фонддун директору Асель Даниярова